КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

АК-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

2023-жылдын 27-ноябрындагы №99 Тилекмат айылы

**“Айтирек” аялдар коомунун фитнес клубуна
тариф бекитүү жөнүндө.**

Мундуз айылындагы «Айтирек» аялдар коому тарабынан ачылган фитнес клубка тариф коюп бекитип берүү боюнча айылдык кенештин депутаты Г.Сейитказиева билдирүү жасады. Фитнес клуб аймактын аярлуу катмардагы айымдарга колдоо максатында ачылганын баса белгиледи жана фитнес клубка кардарлардын келиши менен ички санитардык тазалыгын камсыздап турууга бир адамга жүктөп айлык акы төлөө үчүн, тариф бекитип берүү боюнча сессияда ар тараптуу талкууланып, айылдык кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. «Айтирек» аялдар коому тарабынан ачылган фитнес клубдун эмеректери Ак-Дөбө айыл өкмөттүн балансына алынсын.

2. Ачылган фитнес клуб аймактын аярлуу катмардагы айымдарды колдоо максатында ачылгандыгы эске алынсын жана акысыз машыгууга уруксат берилсин.

3. Аярлуу катмардан тышкаркы машыгууну каалаган айымдар үчүн айына 500 сом өлчөмүндө тариф бекитилсин.

4. Бекитилген тарифтин эсебинен фитнес клубдун санитардык тазалыгына жана эмеректерди ондоп түздөө иштерине акча каражаты жумшалсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчы М.Алиевге жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы А.Кадыровага тапшырылсын.

Төрага А.Тыныбеков